КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ
СУЗАК РАЙОНУ
ЫРЫС АЙЫЛ АЙМАГЫ
ЫРЫС АЙЫЛ КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ
СУЗАКСКИЙ РАЙОН
ЫРЫССКИЙ АЙЫЛНЫЙ АЙМАК
ЫРЫССКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ

*ТОКТОМ*
*ПОСТАНОВЛЕНИЕ*

*«13» октябрь 2023-жыл. №19/2* *Жар-Кыштак айылы.*

**ЫРЫС АЙЫЛ КЕНЕШИНИН VII ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН КЕЗЕКСИЗ XIX СЕССИЯСЫНЫН**
**Т О К Т О М У**

**Ырыс айыл өкмөтүнүн бюджетинин киреше жана чыгаша пландарына, өзгөртүүлөр киргизүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик Кодекси, ”Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндөгү” Мыйзамын жетекчиликке алып, Ырыс айыл өкмөтүнүн жергиликтүү бюджетинин киреше жана чыгаша пландарына өзгөртүүлөр киргизүү боюнча ФЭБ башчысы В.Алимжановдун билдирүүсүн талкуулап, Ырыс айыл кеңеши

**Т О К Т О М К Ы Л А Т:**

1. Кыргыз Республикасынын Бюджеттик Кодексинин 115-беренесин жетекчиликке алып, 2023-жылдын 9 айынын жыйынтыгы менен пландык көрсөткүчтөрдөн ашыкча жыйналган «салык агенти төлөөчү киреше салыгы» (11111100) беренеси боюнча бекитилген план 1700,0 миң сомго, «патент негизинде салык» (11122200) беренеси боюнча бекитилген план 500,0 миң сомго, «калктуу конуштардын жерлерин жана айыл чарба багытында болбогон жерлерге мүлк салыгы» (11321300) беренеси боюнча бекитилген план 1300,0 миң сомго көбөйтүлсүн. Ал эми бюджеттик баланстуулукту сактоо максатында Кыргыз Республикасынын Бюджеттик Кодексинин 130-беренесине ылайык, (70629) коммуналдык чарба бөлүмүн (ст.3111) “имараттар жана курулуштар” беренеси 2200 миң сомго, (70921) «орто мектеп бөлүмү “ (ст.3111) “имараттар жана курулмалар” беренеси 1000,0 миң сомго, (70923) “негизги мектеп бөлүмү “ (ст.3111) “имарат жана курулмалар” беренеси 300,0 миң сомго көбөйтүлсүн.

2. Атыйын каражат «учурдагы жардам» (14411100) планы 147,3 миң сомго көбөйтүрүлүп, аппарат бөлүмү (70111) “башка тейлөө кызматтары алуу” беренеси (ст.2215) 147,3 миң сомго көбөйтүлсүн.

3. Бюджеттик кирешелерге жана чыгашаларга өзгөртүү киргизүү Финансы Министрлигинин Сузак башкармалыгынан суралсын.

4. Токтомду аткаруу жагы айыл өкмөтүнүн башчысы Т.Халиловко жана ФЭБ башчысы В.Алимжановго милдеттендирилсин.

5. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык кеңештин бюджет, финансы жана экономика маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы Н.Жусупбаевке милдеттендирилсин.

6. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Төрага** **Ш. М. Кадиркулов.**